# КОМПЬЮТЕРДИК БИЛИМДИ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ОКУТУУНУН УЧУРДАГЫ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

**Доц., док. А. ӨМҮРАЛИЕВ**
Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Бишкек
**Г. САТАРОВА**
Нарын мамлекеттик университети

Учурдун талабына ылайык «Информатика» сабагы ар кандай аталыштар менен жогорку жана орто окуу жайларында өтүлүүдө. Аларга бөлүнгөн сааттардын саны ар башка. Жалпы билим берүүчү окуу жайларда информатика сабагын окутууну төмөнкү класстардан, атап айтканда, 2-класстан баштоо дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүндө киргизилген жана киргизилип жатат. Биздин билим берүү системибиз Россия менен тыгыз байланышкан. Аларда кабыл алынган жоболор биздин Өлкөдө дагы кабыл алынаарын эске алсак, анда Россияда жалпы орто билим берүү концепциясына ылайык [1] информатика сабагын башталгыч класстардан баштап окутууга даярдыктар көрүлүүдө.

Информатика сабагын мектептерде жана жогорку окуу жайларында кыргыз тилинде окутууга көңүл буруу учурдун талабы, себеби информатика сабагын классик предметтердин катарында кароо компьютердин турмушубуздагы ээлеген орду көрсөтүүдө. Азыркы учурда маалыматтар технологиясына ээ болуу коомдогу профессионалдуулуктун атрибуту көрсөтүп турат. Көп учурда информатика сабагын өтүүдө Бейсик же башка програмдоо тилин, тексти иштетүү же электрондук жадыбалдын, андан жогорлогондору берилиштер базасын башкаруу системин ж.б.у.с. колдонмо програмдык жабдыктарды окутуу менен чектелүүдө. Ал эми маалыматтар технологиясынын негизги түшүнүктөрү көз жаздымда калууда. Ар бир билимдүү коомубуздун мүчөсү компьютердик жана маалыматтык билимдүү болушу зарыл. Макалада информатика сабагын өтүү боюнча програмына токтолбостон, анын терминологиясына болгон оюбузду жана сунуштарыбызды ортого салмакчыбыз.

Информатика сабагын окутуудагы эң эле көйгөйлүү маселе болуп терминдердин алиге чейин калыптанбай келе жатканы эсептелет. Ар мугалим орто окуу жайында болсун, жогорку окуу жайында болсун терминдерди өзүнө ылайыктап жана өзүнүн көз карашы боюнча ылайыктуу деп эсептегендерин киргизип алууда. Ошондуктан бардык информатика сабагынын мугалимдери өзүбүздүн ойлорубуз жана сунуштарыбыз менен мамлекеттик басылмалар аркылуу бөлүшүп туруу учурду талабы. Айтканыбызга ылайык макалада көп кездешкен терминдердин бир бөлүгүнүн кичине сөздүгү келтирилди. Аларга карата окурмандардын пикири биз үчүн өтө маанилилүү жана каалагандар менен маектешүүгө, ал эми керек болсо тартышып бир бүтүмгө келүү менен кыргыз тили жана анын келечеги үчүн керектүү.

Терминдерди кыргызча кабыл алууда кулакка көнө электери кандайдыр одоно сезилген учурлар кездешет, бирок ага карабастан маанилери туура келгендери кабыл алынса убакыт өткөн сайын ал терминге кулак көнүп калат. Мүмкүн болушунча кабыл алынчу терминдерди түшүнүү, эстөө жеңил болгудай вариантын тандап алууга аракеттенүүгө тийишбиз. Орус тилинде эквиваленти болбогон айрым чет элдик сөздөр баштапкы булагы боюнча кабыл алынган, ал эми кыргыз тилинде болсо алардын кээ бириникинин эквиваленти болгондуктан, аларды кыргызча кабыл алуу максатка ылайык. Мисалы, *copy* сөзү орусча *копия, operation system* сөзү *операционная система* ж.б. деп кабыл алынган. Кыргыз тилинде болсо бул сөздөрдүн котормолору бар *(copy— көчүрмө)*, ал эми айрымдарынын аткарган аракеттерине жараша кыргыз тилинде тиешелүү термин ыйгарса болот. Келтирилген *operation system* түшүнүгүнө аткарган иштерине карата *иштетүү системи* деп кабыл алууну сунуш кылат элек. Себеби *operation system* түшүнүгүнө компьютерди иштетүү, атап айтканда киргизүү—чыгарууну, процессти, эсти башкаруу жана администратордук иштер аткаруу туура келет. Ошону менен катар эле иштетүү системи колдонмо жан башка програмдарды дагы иштетет, мына ушул айткандарга негиздеп *иштетүү системи* терминин кабыл алсак туура болот деген ойдобуз. Кээ бир терминдерди кыргыз тилинде кулакка угулушу боюнча кабыл алууну туура деп эсептебиз, мисалы *clicking* англисче, *кликание* орусча, *чыкылдатуу* деп кыргызчаласак болот да.

Түрк мамлекетин негиздөөчүсү Кемал Ата Түрктүн демилгеси менен түрк сөздөрү мыйзам негизинде башка элдерден кирген сөздөрдөн ылайыкталып тазаланган экен. Азыркы учурда орус парламентинде дагы орус тилин мыйзам негизинде тазалоо талаптары көтөрүлүүдө. Кыргыз тили жөнүндө кабыл алынган мыйзам учурдун талабына туура келип отурат. Бирок тилекке каршы мыйзамда кабыл алынгандар кыргыз тилинин көйгөйлөрүн толук камтыбай калаган, б.а. мамлекет тарабынан берилген мүмкүнчүлүк толук пайдаланылбай калганы өкүнүчтүү. Учурдан пайдаланып кыргыз тилине ылайыксыз кирип калган сөздөрдөн тазаланып же тилибизге ылайыктап кабыл алсак жакшы болмок. Информатикада колдонулган «система-system», «программа—program», «периферия—periphery» ж.б.у.с. биздин турмуш-тиричилигибизде ар күнү колдонулуп жүргөн чет элдик сөздөрдү түздөн түз орус тил варианты менен кабыл алганбыз. Орус тилине болсо айтылыштары, жөндөлүштөрү, жазылыштары жеңил болгондой ылайыкталып киргизип алышкан. Ал сөздөр кыргыз тилине эч кандай ылайыкталбай түздөн түз киргизилгендиктен айтылышы, жөндөлүшү ж.б.лары татаалданып калган. Мисалы, англисче «macro» сөзүн орусча «макрос» түрүндө кабыл алынган. Мунун себеби «макро» түрүндө кабыл алынса ал сөздүн орус тилинде жөндөлүшү, ошону менен катар эле айтылышы дагы татаалданып калмак. Ушундай эле себептерден орус тилинде «матема—тика», «арифметика», «физика», «проблема» ж.б. толуп жаткан сөздөр ошол бойдон кыргыз тилинде кабыл алынып калган. Бул сөздөр баштапкы булагында мүчөсүз берилет жана кыргыз тили үчүн мүчөсү болбогону жеңил айтылаарын байкайбыз. Мисалы, «математика муга—лими» деп айткандын ордуна «математик мугалими» же "техникалык университет" дегендин ордуна "техник университети" деп айтуу кыйла

жеңил. Кыргыз тилине орус тили аркылуу кирген сөздөрдүн көпчүлүгү жумшак үндүү мүчө улануу менен кабыл алынган, кыргыз тилинде болсо ал мүчөлөрдүн кошулушу сөздүн айтылышын татаалдантат.

Айтылгандарга утурлай биринчи кадам жасоо максатында биздин 2002 жылы жарык көргөн "Маалыматтар технологиясы" [2] жана "Информатика негиздери" [3 ] аттуу окуу куралдарыбызда аталган терминдерди баштапкы булагындай мүчө улабай кабыл алдык. Бул окуу куралдарыбыз боюнча сын пикирлер жана ой—сунуштар биз үчүн өтө баалуу экендигин белгилей кетебиз.

Бир эле түшүнүктүн бир нече терминге ээ болушу дагы кездешет, бул окуучулардын сабактын өздөштүрүлүшүнө жана терминдерди кабыл алышына терс таасир тийгизет. Акыркы жылдары кыргыз тилинде «информатика» предмети боюнча окуу бир топ окуу куралдары, методикалык колдонмолор жарык көрдү, алардын ичинен Ү. Асанов, А Бердиев, А. Жуманазарова лардын [4] «Компьютердик технологиялар», П. Эшенкуловдун [5] « Информатика жана эсептөөчү техниканын негиздери» аттуу ж.б. окулмаларды атасак болот. Эгерде бул китептер—деги терминдерди салыштырып көрсөк, бир эле түшүнүк ар башка аталып калган учурларды жолуктурабыз. "*Внешние устройства*" термини биринчисинде "*сырткы түзүлүш*", экинчисинде "*перифериялык түзүлүш*", үчүнчүсүндө "*жандоочу жабдык*" деп кабыл алынган. "*Программная оболочка*" —"*жандоочу программа*", "*кабыкча*". "*Пользователь*"—"*кардар*", "*колдонуучу*". "*Проводник*"—"*жол көрсөткүч*", "*баштооч*". "*Оперативная память*"— "*тез тутум*", "*оперативдик эс*", "*оперативдүү эс*" ж.б.

Ошондой эле бир термин менен бир нече түшүнүктү берилип калган учурлар дагы кездешет. Мисалы: "*путь*" сөзү үчүн дагы "*жолчо*", "*шина*" үчүн дагы "*жолчо*" деген термин колдонулуп жүрөт.

Төмөндө көп учураган сөздөрдүн орусча - кыргызча -англисче салыштырмалуу кыскача сөздүк келтирилди.

| ОРУСЧА | КЫРГЫЗЧА | АНГЛИСЧЕ |
|---|---|---|
| база данных | берилиштер базасы | database |
| веб сайт | желе оруну | web site |
| веб страница | желе барагы | web page |
| внешнее устройство | тышкы түзүлүш | peripheral device |
| внешняя память | сырткы эс | auxiliary memory |
| всемирная сеть | дүйнөлүк тармак | world wide web—www |
| вставка и вырезка | кыстаруу жана кесип алуу | insert and cut |
| встроенный стиль | ичине орнотулган стил | built—in styles |
| гибкий диск | ийилчеек диск | floppy disk |
| графика | график | graphics |
| дисковод | диск тейлегич | driver |
| домен | ээлик (домен) | domain |

| | | |
|---|---|---|
| драйвер устройства | түзүлүш тейлегич (драйвер) | driver device |
| жесткий диск | катуу диск | hard disk |
| запись | жазылыш | record |
| запоминающее устройство | сактагыч түзүлүш | storage device |
| запоминающее устройство прямого доступа | түз жетүүчү сактагыч түзүлүш | direct—access storage device |
| звездообразная сеть | жылдызча тармак | star network |
| интегрированное программное обеспечение | Коштурулган (интегрлештирилген) програмдык жабдык | integrated software |
| интепретатор | интерпретерчи (талдоочу) | interpreter |
| интерактивная справка | интерактивдүү суроо—жооп (сурамжылоо) | online help |
| интерфейс пользователя | колдонуучунун интерфейси | user interface |
| информационная система | маалыматтар системи | information system |
| кликание | чыкылдатуу | clicking |
| коммуникация | байланыш—катыш | communication |
| компилятор | компилегич | compiler |
| компьютерная программа | компьютер програмы | computer program |
| компьютерные оборудования | компьютер жабдуулары | hardware |
| контролер | текшергич | controler |
| курсор | жылгыч | curcor |
| локальная сеть | жергиликтүү тармак | local area network |
| магнитная лента | магнит тасмасы | magnetic tape |
| магнитный диск | магнит диски | magnetic disk |
| макрос | макро | macro |
| материнская плата | энелик такта | motheboard |
| микропроцессор | микропроцессор | microprocessor |
| мобильный | ыкчам (мобилдүү) | portability |
| модем | модем | modem |
| монитор | монитор | monitor |
| мультиплексор | мультиплексор | mux—multiplexer |
| мышь | чычкан | mouse |
| начальная страница | алгачкы барак | home page |

| | | |
|---|---|---|
| объектная программа | объектүү програм | object program |
| оперативная память | тез (негизги) эс | main memory |
| операционная система | иштетүү системи | operation system |
| отладка программы | програмды түзөтүү | debugging program |
| отладчик | түзөткүч | debugger |
| память | эс | memory |
| персональный компьютер | жеке компьютер | personal computers |
| плоская панель отображения | чагылдыруучу жалпак панел | flat panel displays |
| поле | талаа | field |
| пользователь | колдонуучу | user |
| прикладное программное обеспечение | колдонмо програмдык жабдык | application software |
| принтер | принтер | printer |
| программист | програмдоочу | programmer |
| программная оболочка | програмдык кабыкча | software shell |
| программное обеспечение | програмдык жабдык | software |
| прокрутка | жылдыруу | scrolling |
| прокси сервер | амир (прокси) сервер | proxy server |
| процессор внешнего интерфейса | тышкы интерфейс процессору | front—end processor |
| путь | жол | path |
| рабочие станции | жумушчу станция | workstation computers |
| разрешение | чечилүү | resolution |
| расширительное место | кеңейтүүчү туташ орун | expansion slots |
| сервер | сервер | server |
| сеть | тармак | network |
| сеть кольцообразной структуры | шакекче түзүлүштүү тармак | ring network |
| системная (материнская ) плата | системдик(энелик) такта | motherboard |
| системное программное обеспечение | системдик програмдык жабдык | system software |
| системный блок | системдик блок | system unit |

| | | |
|---|---|---|
| системы счисления | эсептөө системи | number system |
| сканер | сканер | scanner |
| след | из | track |
| суперкомпьютер | супер–компьютер | super computers |
| таблица | жадыбал | table |
| терминалы | терминалдар | terminals |
| тестирование программы | програмды сыноо (тестирлоо) | testing program |
| транслятор | которгуч (транслятор) | traslators |
| указатель | көрсөткүч | pointer |
| указатель мыши | чычкан көрсөткүчү | mouse pointer |
| устройства отображения | чагылдыргыч түзүлүш | display device |
| устройство управления позицией | орунду башкаргыч түзүлүш | pointing devices |
| устройсто вывода | чыгаргыч түзүлүш | output device |
| файл | файл | file |
| файл прямого доступа | түз жетүүчү файл | direct–access file |
| факс | факс | fax |
| форматирование | калыптоо (форматтоо) | formating |
| хакер | хакер | hacker |
| хранение | сактоо | storage |
| шина | жолчо | buse |
| шинообразная сеть | жолчо түзүлүштүү тармак | buses structured net |
| экран | экран | screen |
| электронная почта | электрондук почто | e–mail |
| электронная таблица | электрондук жадыбал | spreadsheet |

## АДАБИЯТТАР

1. Журнал "**Информатика и образование**" № 8 2001, №№ 3, 6 2002.
2. А. ӨМҮРАЛИЕВ, Р. ТАБЫШОВ, **Иноформатика негиздери** (Бишкек, 2002), 359 бет.
3. А. ӨМҮРАЛИЕВ, **Маалыматтар технологиясы** (Бишкек, 2002), 294 бет.
4. Ү. АСАНОВ, А. БЕРДИЕВ, А. ЖУМАНАЗАРОВА, **Компьютердик технологиялар**, (Бишкек, 2000), 355 бет.
5. П. ЭШЕНКУЛОВ, **Информатика жана эсептөөчү техниканын негиздери**, (Бишкек, 1997), 336 бет.